УДК 378.147

Боталиева У.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ПЕДАГОГДУН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ - БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУНУН НЕГИЗИ

*Бул макалада билим берүүнүн сапатын жакшыртууда жана болочок адистерди калыптандырууда жогорку окуу жайындагы педагогдун компетенттүүлүгүнүн таасири тууралуу маселелер каралат.*

Адамды коомдо социалдаштыруунун жана профессионалдаштыруунун негизи болуп билим берүү, анын ичинен кесиптик билим берүү эсептелет. Билим берүүнүн мазмундуулугу мамлекеттик деңгээлдеги стандартта кабыл алынган билим берүү программаларында чагылдырылган. Азыркы мезгилдеги билим берүүнү модернизациялоо рамкасындагы билим берүү стандарттарынын, программаларынын, технологияларынын бүткүл комплекстерин баалоо үчүн “билимдин сапаты” деген түшүнүк колдонулат. Билимдин сапаты дегенди түшүнүү үчүн төмөндөгүдөй ырааттуулукту көрсөтсөк болот: *билимди алып жүрүүчү – билимди берүүчү – билимди алуучу – билимди берүү методикасынын кабыл алынуучулугу – билимдин фундаменталдуулугу – алынган билимдин талап кылынуусу – жаңы билимдерди алуу.*

Билимдин сапатынын башкы фигурасы болуп, баарынан мурда, билимди алып жүрүүчүнүн (педагогдун) компетенттүүлүгү эсептелет. Ал бул билимдерди окутуунун бардык баскычтарын ишке ашыруу процессинде ар түрдүү методикалардын жардамы менен окуучуларга берет.

Учурдагы билим берүүнү модернизациялоонун рамкасында өлкөнүн жогорку окуу жайларындагы кесиптик билим берүүдөгү негизги маселелердин бири студенттердин компетенттүүлүгүн жогорулатууну окутуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуу аркылуу жүргүзүү эсептелет. Педагогикалык парадигманын алмашуусу окутуучунун кесиптик аң-сезими менен өз ишмердүүлүгүнүн приоритеттүү негизи окуучунун инсандыгын сыйлоо, анын өз баалуулугун аныктоо укугун сыйлоо экендигин сезүүсү болуп саналат. Азыркы мезгилдеги модернизацияланып жаткан билим берүү окуучунун инсандыгына түздөн-түз багытталган.

Педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгү – бул педагогдун өзүнүн кесиптик ишмедүүлүгүн ишке ашырууга карата болгон жөндөмдүүлүгү. Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, аларда адамзат баалуулуктарын калыптандырууга карата компетенттүү мамиле кылуусунан көрүнөт. Бул үчүн окутуучу өзү чыгармачыл потенциалга ээ болуусу, аны өнүктүрүүсү, аны колдоно билүүсү зарыл жана билим берүү үчүн чыгармачыл ой-жүгүртүүчү адис болушу керек. Ошентип, компетенттүү окутуучу кандай негизги мүнөздөмөгө жана сапатка ээ болуш керек экендигин аныктоо зарыл. Компетенттүү педагогдун сапаттарын үч чоң группага бөлүүгө болот: уюштуруучулук сапаты, психолого-педагогикалык жана кесиптик.

Компетенттүү окутуучу *уюштуруучулук сапатка, жөндөмгө* ээ болушу керек. Мындай сапаттарга педагогдун активдүүлүгү, пунктуалдуулугу, эмгекчилдиги, коммуникабелдүүлүгү, аткаруучулугу кирет. Бул сапаттар студенттер үчүн аң-сезимдүүлүк менен тууроонун мисалы катары көрүнүшү керек. Компетенттүү педагог үчүн “текшергенге үлгүргөн жокмун, билгенге үлгүрбөй калдым...” деген формулировкалар болбошу керек. Ошондой эле окутуучунун сабакка кечигип келүүсү, пунктуалдуу эместиги, орой мамилеси дагы студенттерге терс таасир берет. Мындай учурда педагог өзү аларга терс үлгү көрсөтүп жатса, студенттерден эмнени талап кылууга болот.

Азыркы мезгилдин окутуучусу студенттердин группасы менен иштөөнү, лекцияларда билим алып жаткандарга зарыл керектүү маалыматтарды тапкычтык менен жеткирүүнү билиши керек. Студенттер үчүн маалымат түшүнүүгө, эсине сактоого жана ой

жүгүртүүгө жеткиликтүү жана ыңгайлуу формада берилиши керек. Лекцияны жадатма, монотондуу окуп берүү сабакты сапаттуу өздөштүрүүнүн зарыл болгон жыйынтыгын бере албайт. Лекцияларды активдүү өтүү процесстери, теорияны практика менен байланыштыруу студенттерге берилген дисциплинаны өздөштүрүүдө бир топ жакшы жыйынтыктарды берет.

Кагаздан көзүн албай жазылган текстти бүт окуп берүүнү туура деп эсептеген, речтик каталарды кетирген, начар дикциялуу, туура эмес манералары, жаңсоолору бар окутуучулар студенттерге жагымсыз экендигин билүүбүз зарыл.

Компетенттүү окутуучу окуу материалын берүүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн ирети менен жана максатка багыттуу колдонот, анын ичинде вербалдык эмес коммуникацияны дагы, тактап айтканда интонация, жаңсоо, мимика, ритм ж.б.

Студенттерди билим берүү процессине уюштуруу, катыштыруу жана кызыктыруу - окутуучунун негизги билгичтиги. Буга жетишүү лекциялык материалга кызыктырарлык фактыларды, ар бир дисциплинага жараша чыныгы турмуштук (илим, саясат, маданият, экономика областынан) фактыларды камтуу жолдору, иллюстративдик таратуучу материалдарды колдонуу, мультимедиялык презентацияларды жана диафильмдерди пайдалануу жолдору менен жүргүзүлөт. Ошондой эле окутуучу сабак өтүүнүн диалогдук формасына кайрылса да болот. Мында негизги фактор болуп окутуучунун өзүнүн студенти менен дискуссияга психологиялык жана профессионалдык даярдыгы эсептелет. Эл алдында ката кетирүүдөн коркуу, өзүнүн билимине ишенбегендик окутуучуну бул методиканы колдонуудан четтөөгө алып келет.

Окутуучунун *психологиялык-педагогикалык сапаты* анын адеп-ахлактуулугунан, коррективдүүлүгүнөн жана тактыгынан көрүнөт.

Мындай мисалды карап көрсөк, окутуучу текшерүү иштерди текшерип жатып, плагиаттыкты, б.а., студенттин башка жакшы окуган студенттен көчүрүп алгандыгын же интернеттен алынган “орой цитаталар”, же берилген параметрге туура келбеген иштерди байкады. Аларга өкүнүү жана кыжырдануу менен төмөн бааларды, көбүнчө канааттандырарлык эмес бааларды коюшат. Окутуучу мындай студентке капа болуп, ачуусу келип, кандайдыр бир катуу жана жеке мүнөздөгү кемсинтүүчү комментария жазып коюшу мүмкүн, а бирок мындай кылууга эч болбойт. Өзүнүн окуучусуна канааттанбагандыгын окутуучу мындай формада билдирбеши керек. Анткени коррективдүүлүк, өзүн кармай билүү – компетенттүү окутуучунун эрежеси.

Окутуучунун ак ниеттүүлүгү, тактыгы, мактоосу, жактыруусу – ушунун бардыгы группада өзгөчө микроклиматты, ишеним көрсөтүү ал-абалдарын жана студенттердин алдыга койгон максаттарына жетүүгө карата өз күчүнө ишенгендиктерин түзөт.

Окутуучу менен студенттердин ортосундагы өз ара мамилелерди карап көрсөк, студенттер өздөрүнө карата “бирдей объективдүү мамилени” биринчи орунга коюшат. Алар өтө сезимтал, окутуучу тарабынан кетирилген адилетсиздикти жана ак ниетсиздикти байкашса, ага карата алардын аң-сезиминде тиешелүү мамилени билдирүү жана жүрүм-турумунда кандайдыр бир ачык-айкын так калат. Эгерде окутуучу обьективдүү эмес мамиле кылса (негизделбеген себептер менен төмөндөтүлгөн баа койсо, кандайдыр бир жолдор менен студенттин кызыкчылыгын кысмакка алса), бул аны терең жаралап, жан дүйнөсүнө бүлүк салат. Компетенттүү окутуучу өзүндө талап коюучулук менен принциптүүлүктү айкалыштырып, студенттердин инсандыгын сыйлоо жана педагогикалык тактыны сезүү менен мамиле кылуусу абзел.

Окутуучунун обьективдүү, адилет мамилеси студенттердин өздүк кадыр-баркын, өзүнүн чыгармачыл өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө багыттай турган жан дүйнөсүнүн улуулугун сезүүгө тарбиялайт жана калыптандырат.

Окутуучунун адеп-ахлактуулугу студенттин адеп-ахлактуулугуна таасир этет. Адеп-ахлактуулук (нравалуулук) – бул адамдык мамилелерди аныктай турган ички код. Студенттерди адеп-ахлактуулукка тарбиялоо жогорку окуу жайларынын билим берүү процессинде системасыз, капысынан, интуитивдүү түрдө жүрөт. Студенттерди адеп-ахлактуулукка тарбиялоо маселеси мамлекеттик деңгээлде бир жактуу жана кээде

формалдуу түрдө чечилген. Адеп-ахлактуулук маселесин чечүү билим берүү практикасында жождун өзү жана айрым окутуучулар тарабынан гана жүргүзүлөт, бул болсо берилген ишти эң жогорку адеп-ахлактуулукка ээ болгон окутуучу гана жүргүзөрүн айкындайт.

Мындан тышкары, кесиптик адеп-ахлактуулук дагы эң маанилүү. Мугалимдик кесип байыртадан эле өзгөчө адеп-ахлактуулук статуска ээ болуп келген. Бул педагогикалык милдетти гана аткарууга карата жеке жоопкерчилик эмес, бул -чынчылдык, адилеттик, милдеттүүлүк, айтылган сөзгө туруктуулук, абийирдүүлүк, кесиптештерине сый мамиледе болуу, жолдошчулукту сезүү жана аморалдык көрүнүштөргө чыдамсыздык. Негизги кесиптик адеп-ахлактуулук сапаттарына чынчылдык, абийирдүүлүк, керт башынын камын ойлобоочулук кирет. Ал эми  кесиптик ишмердүүлүктүн негизги башкы баалуулуктарын гумандуулук, жоопкерчилик, патриоттуулук жана альтруизм түзөт.

Компетенттүү окутуучунун эң маанилүү сапаттарынын бири – окутуучунун жогорку *кесиптик деңгээли*. Окутуучуну квалификациялык жактан баалоонун башкы критерийи болуп анын окутуунун методикасында теориялык билим менен практикалык билгичтиктерди айкалыштыра билүүсү эсептелет. Жогорку квалификациялуу, компетенттүү окутуучулар лекцияны жөн гана окубастан, студенттерди материалдын үстүндө биргелешип иштөөгө тартып, аларды өз алдынчалуулук адатына, ой-жүгүртүү, анализдөө жана жыйынтык чыгаруу билгичтигине көндүрөт. Жогорку квалификациялуу окутуучу окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, жалпы адамзат баалуулуктарын калыптандыруу областында компетенттүүлүккө ээ болушат.

Окутуучунун коммуникативдик компетенттүүлүгү ар кандай ситуацияларда пикирлешүү жана контакт түзүү, сүйлөшүү үчүн тема табуу, ишкер жана эмоционалдуу пикирлешүүдө өз ара аракеттешүүнүн адекваттуу ыкмаларын тандап алуу, ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүндө кызматташуу  билгичтигин жөнгө салып турат.

Окутуучунун компетенттүүлүгү педагогикалык ишмердүүлүктө чыгармачылыксыз жашоого мүмкүндүк бербейт. Чыгармачылык менен иштеген окутуучу гана чыгармачыл инсанды окутуп-тарбиялоого жөндөмдүү. Педагогикалык новатордук, окутуучунун жекечелик өзгөчөлүгү анын ишмердүүлүгүн өзүнө тарткыдай, кызыктуу процесске айландырып окуу-тарбия процессинин сапатын аныктайт. Окутуучунун чыгармачылыгы – бул окутуу-тарбиялоо процессинин эң жакшы методдорун, каражаттарын жана ыктарын табууга багытталган анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн жогорку баскычы. Бирок жаңыны түзүү дайыма мурда бар билим базасынын ийгиликтүү кабыл алынышы менен тыгыз байланышта.

Окутуучунун өз билимин өркүндөтүүсү өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуусу болуп саналат. Азыркы мезгилдин адамынын окуусу мектепте, колледжде, жогорку окуу жайында бүтпөйт. Ал үзгүлтүксүз болот. Билим алуунун үзгүлтүксүздүгү окутуучунун дайыма окуп турuусун түшүндүрөт, бул процесс билим берүү мекемелеринде эле жүрбөстөн, көпчүлүк учурда өз алдынча билим алуу, окуу менен да ишке ашат. Өз билимин өркүндөтүү – мугалим менен контакт жок эле өз алдынча билим алуу: китептер, интернет. Окуп жаткан окутуучу өзүнүн окуусу үчүн бүткүл жоопкерчиликти өзү алат.

Окутуучунун өз билимин жогорулатуусунун бир канча жолдору бар. Биринчиден, квалификациялык категорияга ээ болуш үчүн өз ордунда эле калуу менен аттестациядан өтүү. Экинчиден, кесиптик билимдин деңгээли жана тепкичтери боюнча акырындык менен көтөрүлүү (жогорку билимдүү окутуучу аспирантурага тапшырат). Үчүнчүдөн, билим алуунун үзгүлтүксүздүгү аны андан ары улантуу эле эмес, профилди алмаштырууга да мүмкүндүк  берет (мис. “экономика” адистигин “юрист” адистигине алмаштыруу).

Окутуучунун компетенттүүлүгүнүн деңгээли базалык билими, кийинки өз билимин жогорулатуусу, илимий даражасы жана наамы, педагогикалык ишинин стажысы,

конкреттүү областтагы практикалык иштөө тажрыйбасы менен аныкталат.

Ошондой эле билим берүүнүн сапаты персоналдын педагогикалык иш аракетке карата мотивациясына да көз каранды. Окутуучуда адамды өзүнө тарткыдай педагогикалык ишмердүүлүктү камсыз кылуучу тиешелүү социалдык статус болушу керек.

Компетенттүү окутуучу, эреже катары, пикирлешүүнүн “фасилитативдик” (“фасилитация”- жеңилдетүү, жөнөкөйлөтүү, жардам) стилине ээ болушу жана студенттерге сабакты ошондой өтүшү керек. Мындай окутуучу студенттерге белгилүү бир дисциплинаны сапаттуу өтүүгө багыттап, ар бир студентти жоопкерчиликтерин өздөрүнө коюу менен, билим берүү процессине катыштыруу жана студенттин өздүк билгичтигин жана керектөөсүн группалык билгичтикке жана керектөөгө баш ийдирүүгө “чакырат”. Сабакты өтүүнүн бул стили окутуучунун компетенттүүлүгүнүн деңгээлинин маанилүү көрсөткүчү жана анын студенттердин компетенттүүлүгүнүн деңгээлин көтөрүүгө карата жөндөмдүүлүгү.

Фасилитация процессинин негизги аткара турган милдети маалымат издөө процессин стимулдаштырууда жана багыттоодо турат. Традициялык билим берүүдө окутуучу студентке бардык керектүү маалыматты өзү берет. Традициялык окутуудагы кемчиликтер фасилитацияда жоюлат: студенттин – болочок адистин алууга мүмкүн болгон билими окутуучунун билими менен эле чектелип калат, окутуучу кокусунан же байкабастан туура эмес маалыматты да берип алышы мүмкүн. Маалыматты өз алдынча издөө студентти бир кыйла күчтүү мотивдештирет жана табылган маалыматты бир кыйла эффективдүү кабыл алууну камсыз кылат.

Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайынын кызыл диплому – окутуучунун өзү окуткан дисциплинасынын областындагы бардык заманбап тенденцияларын билген, өз ишинин чыныгы кесипкөйү экендигинин гарантиясы эмес. Ошондуктан билим берүү мекемесинин администрациясы кадр саясатынын маселелерин керектүү көңүл буруу менен чечүүлөрү зарыл. Окутуучуларды катаал конкурстук негизде тандоо жана алардын профессионалдык билгичтиктерин регулярдуу аттестациялоо жогорку окуу жайындагы билим берүүнүн сапатын чындап жакшыртууну камсыз кылар эле.

Акырында жыйынтыктоо иретинде, окутуучунун компетенттүүлүгү канчалык жогору болсо, коом ошончолук компетенттүү адистерди алат жана жогорку билим берүүнүн милдети болгон жаңы муундун адистерин калыптандыруу боюнча маселеси тезирек чечилет эле деп айтмакчыбыз.

**Адабияттар:**

1. Кан-Калик В.А. Учителю о педагогическом общении: Книга для учителя. - М., Просвещение, 1987.
2. Педагогика: Педагогические теории. Системы. Технологии: Учебное пособие для студентов средних пед. учеб. заведений /Под ред. С.А. Смирнова. -М.: Издательский центр "Академия", 1998.
3. Котова Т.И. Компетентностный подход к личности обучаемого через компетенции преподавателя вуза. - Краснодар, 2005.
4. Фролов А.Г., Хомочкина С.А., Матушанский Г.У. Адаптации преподавателя к профессионально-педагогической деятельности в высшей школе //Образовательные технологии и наука, № 9 - Казань, 2006.
5. Байденко В.И., Модернизация профессионального образования: современный этап. Изд. 2-е допол. и перераб. - М., 2003.